**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ**

**И.АРАБАЕВ АТЫНДАГЫ КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ**

**КЫРГЫЗ БИЛИМ БЕРҮҮ АКАДЕМИЯСЫ**

\

**Д 13.11.023 Диссертациялык кеңеши**

**Кол жазма укугунда**
**УДК: 371:37.034(575.2.043.3)**

**Сейдакматов Муратбек Джумаканович**

# БОЛОЧОК МУГАЛИМ КЕСИБИНДЕГИ СТУДЕНТТЕРГЕ УКУК МАДАНИЯТЫН КАЛЫПТАНДЫРУУНУН ПЕДАГОГИКАЛЫК НЕГИЗДЕРИ

**13.00.01 – жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы**

**педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациянын**

**АВТОРЕФЕРАТЫ**

**Бишкек – 2011**

Диссертациялык иш И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин педагогика кафедрасында аткарылды

**Илимий жетекчи:** **педагогика илимдеринин доктору,**
**Алиев Шаршенбек Алиевич**

**Расмий оппоненттер:** **педагогика илимдеринин доктору,**
**профессор Сияев Таштанбек Монолдорович**

**педагогика илимдеринин кандидаты**
**Адилова Гулпери Идирисовна**

**Жетектөөчү мекеме:** **Кыргыз мамлекеттик дене тарбия жана спорт академиясынын педагогика жана психология кафедрасы.**

Диссертациялык иш _____ жылдын ___________ саат _____ И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети жана Кыргыз билим берүү академиясынын алдындагы педагогика илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын изденип алуу боюнча Д. 13.11.023 диссертациялык кеңешинин жыйынында корголот.

Дареги: 720026, Бишкек шаары, Раззаков көчөсү,51.

Диссертациялык иш И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин Илимий китепканасында таанышууга болот.

Автореферат _____ жылдын _______ таркатылды.

Диссертациялык кеңештин окумуштуу катчысы
педагогика илимдеринин доктору М.Ж.Чоров.

## ИЗИЛДӨӨНҮН ЖАЛПЫ МҮНӨЗДӨМӨСҮ

**Изилдөөнүн актуалдуулугу.** Азыркы мезгилде билим берүү системасын реформалоонун приоритеттүү багыттарынын бири - жаш муундарды өз укугун билип, башканын укугун сыйлаган, мыйзам менен маселе чечүүгө жана иштөөгө жөндөмдүү, укуктук жогорку маданиятка ээ болгон инсандардан кылып тарбиялоо. Алдыбызда бүгүнкү жаш муундарды учурдагы коомдун, замандын талабына жооп бере турган, укуктук жактан маданияттуу адам катары калыптандыруу, өнүктүрүү, интеллектуалдык деңгээлин өстүрүү жана тарбиялоо жоопкерчилиги турат. Мындай максаттын ишке ашырылышы окутуунун илимий-методикалык деңгээлин жогорулатууну, окуучулардын укуктук маданиятын өнүктүрүүнү, алардын жогорку сапаттагы билимдерге, талапка жооп бере турган адаттарга, көндүмдөргө ээ болуусун талап кылат.

Жаш муундарды тарбиялоо ишин, өзгөчө мындай тарбиянын укуктук жагдайын көңүлдүн сыртында калтыруу кыргыз мамлекети менен коомчулугунун тагдырына доо кетирип, маданиятынын келечегин кемтик кылат. Коом турмушунун бардык тармактарында мыйзамдуулуктун сакталышын камсыздоо, эл бийлигин өнүктүрүп-өрчүтүү максатында укуктук маданиятты жогорку деңгээлге көтөрүү үчүн көрүлүп жаткан аракеттер, кеңири укуктук реформалар жаш муундарды укуктук жактан тарбиялоо ишин колго алмайынча өз натыйжасын бербей турганы барган сайын ачык көрүнүүдө.

Коомдогу болуп жаткан өзгөрүүлөр инсандын коомдошуу процессинде кыйынчылыктарды жаратты. Өзгөчө баарыбыз күндөлүк турмушубуздан байкап жаткандай укуктук билим алуу, укук нормаларын, мыйзамды өздөштүрүү жана аларды өздүк маданиятынын ажырагыс бир бөлүгү катары сиңирип алуу коомдук зарыл маселелердин бирине айланды.

Ушундай коомдук маселелерди чечүү үчүн жаш муундарга таалим-тарбия берүүдө, алардын мыйзам жагынан аң-сезимдүүлүгүн жана укуктук маданиятын түптөөдө, аны калыптандырууда мектепке чейинки тарбиялоо мекемелеринде педагогдордун жана жалпы мектеп мугалимдеринин кызматы, таасири абдан зор. Ошондуктан орто мектепте укуктук билим берүү атайын профессионалдуу адистердин, б.а. юристтердин жардамы менен болбостон, кошумча укуктук билимге ээ болушкан мектеп мугалимдеринин жардамы аркылуу аткарылууга тийиш. Инсанды жаш күнүнөн мыйзамды сыйлоого тарбиялап, анын укуктук маданиятын калыптандырууда орто мектептеги жалпы педагогдор жамааты чечүүчү ролду ойнойт. Ар бир предметтик мугалим өзүнүн сабагы боюнча профессионалдык адис болуу менен бирге, туура таалим-тарбия берүү үчүн укуктук-мыйзамдык жактан да билим - тажрыйбасы жогорку деңгээлде болуусу шарт.

Мугалимди даярдоонун теоретикалык-методологиялык негиздерин А.Дистерверг, Я.А.Коменский, П.Наторп, К.Д.Ушинский, А.С.Макаренко, В.А.Сухомлинский сындуу белгилүү окумуштуулардын жана педагогдордун эмгектеринен табабыз. Ушул эле багытта Кыргызстанда Э.М. Мамбетакуновдун "Педагогиканын негиздери" (2000), Н.А.Асипованын

"Педагогика" (2002), Б.Апыштын "Педагогика" (1993), А.Алимбеков "Кыргыз этнопедагогикасы" (1996) М.Р.Балтабаевдин редакциясы астында жарык көргөн. "Основы педагогики" (1996), Б.Т.Тойбаевдин "Акыл тарбиясы" (1997), Э.Т. Токсомбаеванын "Педагогикалык системаны башкаруунун негиздери" (2002), Ө.А.Сманбаевдин "Педагогикалык кесипке киришүү" (2002), М.Р.Рахимованын редакциясы астында жарык көргөн "Педагогиканын теориясы, системасы жана технологиясы" (2003), Т.В.Панкованын "Сравнительная этнопедагогика" аттуу ж.б.у.с. окуу куралдарын да эгемендүү өлкөбүздүн билим берүү чөйрөсүндөгү азыркы коомдун талаптарына жооп берүүгө жасалган аракети катары баалasak болот.

Болочок мугалимдердин укуктук билим маданиятын калыптандыруу маселесинин негизин ачып берүүдө мамлекеттин укуктун теориясы жана тарыхынын маселелерин терең карап чыгуу зарылдыгын эске алып С.С.Алексеев, В.К.Бабаев, Б.С.Гершунский, С.Гессен, Г.Иконникова, Б.Кистяковский, Е.А.Лукашева, В.П.Ляшенко, В.С.Нерсесянц ж.б. эмгектерине көңүл бөлүндү.

Укуктук маданиятты калыптандырууда элдик педагогиканын ролу зор экендиги кеңири белгилүү. Кыргыз педагогикасы мындай иштерден куру эмес. Мисалы, кыргыздын педагогикалык элдик таалим-тарбиялоо саамалыктарына аналитикалык талдоолорду жүргүзүп, көп улуттуу чөйрөдөгү балдарды, өспүрүмдөрдү тарбиялоодо элдик педагогиканын, укуктук маданияттын прогрессивдүү идеяларын чагылдырган маселелер Р.А.Абдыраимованын, Н.А.Асипованын, Х.Ф.Анаркуловдун, А.А.Алимбековдун, А.А.Аттокуровдун, М.Р.Балтабаевдин, И.Б.Бекбоевдин, Ж.Бешимовдун, А.Э.Измайловдун, Н.И.Имаеванын, А.А.Исаевдин, А.Т.Калдыбаеванын, Ж.Койчумановдун, Т.Ормоновдун, Ж.М.Орозбаевдин, М.Р.Рахимованын, И.С.Саипбаевдин, Л.Ф.Тимофееванын, Т.Э.Уметовдун, У. Эгембердиевдин эмгектеринде каралгандыгын айтууга болот.

Болочок мугалимдерди укуктук жактан даярдоону терең түшүнүү граждандык-укуктук тарбиялоону ишке ашыруунун негиздерин өздөштүрүү аркылуу гана чечилиши мүмкүн. Ушул өңүттөн алып караганда кыргызстандык окумуштуулар И.Б.Бекбоев, Дж.У.Байсалов, Ш.А.Алиев, А.Е.Абылкасымова, Д.Б.Бабаев, М.Ж.Чоров, Т.М.Сияев, К.Д.Добаев, А.Мамытов, Б.Өмуралиев, К.Сманалиев, Ч.М.Арбаев, Н.Т.Михайленконун ж.б. эмгектеринин зор мааниси бар. Балдарды мектепке укуктук жактан даярдоо маселелери В.В.Антонов, С.В. Болошенка, Е.Г.Каширцева, Т.В.Коршунова, А.Ф.Никитин, Я.В.Соколов, В.П. Пономарева, В.Н. Цыганаш З.К.Шнекендорф Е.В. Шиврина ж.б. изилдөөлөрүндө каралат.

Бүгүнкү күндүн мугалиминин алдында адамдын (окуучунун) эркиндигин жана укугун так билүү менен мамиле кылып, укуктук жана моралдык нормаларга таянып мыйзам чегинде иш кылуу, башкалардын укугун сыйлоо боюнча таалим-тарбия берүү милдети турат. Мугалим окуучуларга укуктук аң-сезимдүүлүктү калыптандырууда, укуктук маданиятты түптөөдө үлгү болууга тийиш. Укуктук мамлекет талап кылган азыркы шартта педагогика багытындагы адистиктерди даярдоо процессинде, андагы мамлекеттик

стандартка ылайык атайын предмет болуп каралган «Укук таануу» курсун окутуу маселеси атайын өзүнчө илимий-педагогикалык жактан терең изилдөөгө муктаж. Анткени, орто мектепте мугалимдик кесипте иштеп жүргөн ар бир педагог-тарбиячы өзүнүн профессионалдык кесиби менен катар мыйзамдык-укуктук нормалар боюнча дагы билим маданиятына ээ болушу зарыл жана ушул максатта жогорку окуу жайынын студенттери үчүн учурда окутулуп жаткан юриспруденция илиминдеги «Укук таануу» курсуна кылдат көңүл бөлүүнү талап кылат.

Жалпылап айтканда, окуучуларды укуктук жактан тарбиялоо - азыркы күндүн зарыл талабы, бирок ал жаштардын укук маданиятынын деңгээлине болгон коомдун күн санап өсүп бара жаткан талабына жооп бербейт. Мындай абал бир катар карама-каршылыктарды жаратты. Алар төмөнкүлөр:

– окуучуларды укуктук жактан тарбиялоого мүмкүндүк ачкан демократиялык процесстердин күч алышы жана мектеп педагогдорунун бул мүмкүнчүлүктү ишке ашырып, укуктук багытта натыйжалуу иш алып баруу менен учурдагы коомдук маселени чечүүгө даярсыздыгы;

– жогорку педагогикалык окуу жайларда болочок мугалимдерди укуктук жактан билим берүүгө даярдоо иши жолго коюлбагандыгы жана мектептерде окуучуларды укуктук жактан бийик деңгээлде тарбиялоонун зарылдыгы;

– жаңы окуу технологияларын өздөштүрүү, колдонуу ишинде билим берүү маселелеринде мектептерде иштеп жаткан педагогдордун укуктук маданиятынын төмөндүгү ж.б.

Ошентип көрсөтүлгөн карама-каршылыктарды чечүү, «Укук таануу» курсун окутууну, болочок педагогика адистигинде билим алып жатышкан студенттерди кесипке даярдоо процессинде алардын мыйзамдык-укуктук маданиятын калыптандыруу маселесин изилдөө иштин темасын тандап алууга негиз болду.

**Изилдөөнүн максаты**. Болочок мугалимдерге укуктук-мыйзамдык билим маданиятын калыптандыруунун педагогикалык негиздерин иштеп чыгуу жана аны окуу процессинде ишке ашыруу.

**Изилдөөнүн объектиси.** Жогорку окуу жайындагы окуу процесси.

**Изилдөөнүн предмети.** Болочок мугалимдерге укуктук-мыйзамдык билимдерди жана тажрыйбаларды калыптандыруу.

**Изилдөөнүн илимий божомолу.** Жогорку окуу жайында болочок мугалимдин укуктук билим берүү жана укуктук маданиятын калыптандыруу натыйжалуу болот, эгерде:

- алардын келечектеги кесиптик чөйрөдөгү таалим-тарбия иштерине колдонууга атайын ылайыкталган укуктук-мыйзамдык билимдердин мазмуну туура аныкталса;
- адеп предмети боюнча тарбия берүү программасынын мазмуну бүгүнкү талапка ылайык өркүндөтүлсө;
- болочок мугалимдер үчүн «Укук таануу» курсун окутуунун «педагогикалык үлгүсү» (модели) түзүлсө жана аны окутуунун педагогикалык шарттары аныкталса;

Изилдөөнүн объектисине, предметине жана максатына ылайык төмөндөгүдөй **изилдөөнүн милдеттери** коюлду:

1. Педагогдордун укук боюнча билиминин учурдагы абалын талдоо, андагы проблемаларды аныктоо;
2. «Укук таануу» курсунун теориялык-педагогикалык негиздерин талдоо, аны жаңылоо зарылчылыгын негиздөө;
3. Келечектеги мугалимдер үчүн кесипке ылайыкталган «Укук таануу» курсун окутуунун «педагогикалык үлгүсүн» иштеп чыгуу жана аны окутуу процессинде ишке ашыруу;
4. «Укук таануу» курсунун билим мазмунун жаңылоо, ага ылайык окуу программасын, окуу-методикалык комплексин түзүү;
5. Педагогикалык эксперимент жүргүзүү, анын көрсөткүчтөрү боюнча статистикалык талдоо жүргүзүү жана жыйынтык чыгаруу, сунуштарды аныктоо.

**Изилдөөнүн методдору:** изилдөөгө алынган проблемага карата теориялык - дидактикалык талдоо жүргүзүү жана аны жалпылоо; изилденүүчү проблеманын теориялык негиздерин ишке ашыруу үчүн алдыңкы педагогдордун иш тажрыйбаларын иликтөө жана аны жалпылоо; жекече жана топтук аңгемелерди, анкета жүргүзүү жана тестирлөө, модулдук система аркылуу рейтингин аныктоо, студенттердин ишмердүүлүгүн талдоо; изденүүчүлүк, констатациялык жана педагогикалык эксперименттер; эксперименттердин көрсөткүчтөрүн талдоочу математикалык-статистикалык методдор колдонулду.

**Изилдөөнүн методологиялык негизи катары** окутуу, тарбиялоо жана өнүктүрүү жаатындагы философиялык-педагогикалык концепциялар, укук таануу боюнча өкүлдөрүнүн, окумуштуу педагогдордун, психологдордун жана методисттердин, жалпы билим берүүнүн, анын акыркы этабы болгон профессионалдык билим берүү, аны өнүктүрүү теориялары жана практикасы, билим алуу процессинде угуучулардын өз алдынча активдүүлүгүн, репродуктивдүү, ошондой эле чыгармачылык ишмердүүлүгүн калыптандыруу боюнча негиз болуучу фундаменталдык эмгектер, окутуунун укуктук-нормативдик документтери алынды.

**Изилдөөнүн этаптары.** Илимий-изилдөө жумуштары үч этаптан турат.

Изилдөөнүн **биринчи этабы** 1999-2002- окуу жылдарына туура келди. Бул этапта изденүүчү тарабынан проблемага байланыштуу илимий-методикалык, дидактикалык, окуу-методикалык булактарды, материалдарды, авторефераттарды, диссертацияларды талдоо жана топтоо, аларды системалуу багытка келтирүү, ошондой эле алардан алынган керектүү маалыматтарды педагогикалык багытта билим алып жатышкан студенттерди окутуу процессинде колдонулду.

Изилдөөнүн **экинчи этабы** 2003-2006- окуу жылдары өттү. Бул этапта изденүүчү тарабынан проблеманын теориялык-дидактикалык негиздери иликтенди, ага ылайык окуу программалар, окуу-методикалык материалдар, илимий статьялар топтолду жана талданды. Укук таануу курсун адистиктерге ылайык максаттуу багытта жүргүзүү иштери аныкталды, ага ылайык окуу-

методикалык комплексин түзүү иштери башталды. Бул мезгилде изденүү эксперименти жүргүзүлдү.

Изилдөөнүн **үчүнчү этабы** 2007-2009- окуу жылдарына туура келет. Бул этапта изилдөө иштери жыйынтыкталды, илимий макалалар, окуу куралдары, окуу-методикалык көрсөтмөлөр жарык көрдү, укук таануу курсун окутуу боюнча окуу программасы, окуу куралдары апробациядан өттү, изилдөөнүн илимий божомолун тастыктаган педагогикалык эксперимент жүргүзүлдү. Педагогикалык эксперименттин көрсөткүчтөрү статистикалык - математикалык методдорду колдонуу менен жыйынтыкталды.

**Изилдөөнүн илимий жаңылыгы жана теориялык мааниси:**

- Учурга ылайык болочок мугалимдер үчүн укуктук - мыйзамдык билим маданиятынын калыптандыруу зарылдыгы негизделгендигинде;
- Укук таануу боюнча билимдерди, тажрыйбаларды калыптандыруу принциптери иштелип чыгып, алардын системага салынгандыгында;
- «Укук таануу» курсун окутуу процессинде укуктук маданиятты калыптандыруунун «педагогикалык үлгүсүнүн» (моделинин) түзүлгөндүгүндө;
- Иштелип чыккан «педагогикалык үлгүнү» окуу процессине колдонуунун педагогикалык шарттарынын аныкталып, негизделгендигинде.

**Изилдөөнүн практикалык мааниси:** изилдөөнүн илимий жыйынтыктары болочок педагогдор үчүн «Укук таануу» курсун окутуу процессинде анын мазмунун, ролун кеңейтүүгө, байытууга, практикалык тажрыйбасын тереңдетүүгө, кесипке багытталган максатта окутуу ишмердүүлүгүн, б.а. жогорку мектептеги окутуу технологиясын өркүндөтүүгө, ошондой эле, студенттердин келечекте таалим-тарбия иштери боюнча кесиптик ишмердүүлүгүн активдештирүүгө, алардын укуктук маданиятын калыптандырууга белгилүү өлчөмдө салым кошот.

**Коргоого төмөнкүдөй жоболор сунуш кылынды:**

1. Болочок мугалимдер үчүн мыйзам-укук таануу маданиятын калыптандыруу зарылчылыгынын негизделиниши;
2. Укук таануу боюнча билимдерин, тажрыйбаларды калыптандыруу принциптеринин иштелип чыгышы, анын системага келтирилиши, аны окутуунун «педагогикалык үлгүсүнүн» түзүлүшү;
3. Иштелип чыккан методикалык моделдин окуу процессине колдонуунун педагогикалык шарттарынын аныкталышы жана окуу процессинде анын ишке ашырылышы;
4. Педагогикалык эксперименттин көрсөткүчтөрүнүн анализи жана анын жыйынтыктары, ага ылайык берилген сунуштар.

***Изилдөөнүн тыянактарынын ынанымдуулугу*:** проблеманын чечилишинин илимий-методологияга негизделгендиги; коюлган максат, милдеттерге ылайык изилдөө методдорунун туура колдонулганы, педагогикалык эксперименттин так аткарылышы, сунуш кылынган моделдин (үлгүнүн) алгылыктуулугу изилдөөнүн ынанымдуулугун белгилейт.

**Изилдөөчүнүн жеке салымы:**

- Мектеп мугалимдеринин учурдагы укуктук-мыйзамдык билим-тажрыйбаларын иликтөө, талдоо менен андагы таалим-тарбия чөйрөсүндөгү педагогикалык проблемалар аныкталды;
- Жогорку окуу жайларында болочок мугалим үчүн «Укук таануу» курсу боюнча билим берүүнү жаңылоо зарылчылыгы негизделди жана аны ишке ашыруунун теориялык-практикалык шарттары иштелип чыгып, педагогикалык эксперимент аркылуу негизделип, практикалык сунуштар берилди;
- Изилдөөнүн натыйжасында келип чыккан илимий-методикалык корутундулар жалпыланды жана студенттерге укуктук билим берүү практикасына сунушталды.

**Изилдөөнүн апробациясы.** Изилдөөдөн алынган натыйжалар 2004-2009-жылдардын аралыгында Ж.Баласагын атындагы КУУда, И.Арабаев атындагы КМУда, К.Тыныстанов атындагы ЫМУда (Каракол), БГУда өткөрүлгөн эл аралык жана республикалык маанидеги илимий-практикалык конференцияларда, И.Арабаев атындагы КМУнун тарых социалдык укуктук институтунун жылда өткөрүлө турган илимий-практикалык конференцияларында, семинарларда жасалган докладдар, билдирүүлөр аркылуу талкууга алынган соң илимий жыйнактарда жарык көргөн.

**Диссертациянын түзүлүшү.** Диссертация киришүүдөн, эки баптан, корутундудан, колдонулган адабияттардын тизмесинен жана тиркемелерден турат. Тиркемеде педагогика адистиктеринде окуп жатышкан студенттер үчүн түзүлгөн типтүү программа жана студенттердин аудиториядан сырткары өз алдынча аткарылуучу иш-чараларынын план-программасы ж.б. керектүү материалдар берилген.

# ИЗИЛДӨӨНҮН НЕГИЗГИ МАЗМУНУ

**Киришүүдө** изилдөөнүн актуалдуулугу, илимий проблема, изилдөөнүн обьектиси, максаты, предмети аныкталып, илимий божомолу, аткарууга тийиш болгон милдеттер, жоболор белгиленген. Андан сырткары, изилдөөнүн теориялык мааниси, илимий жаңылыгы, практикалык мааниси, изилдөө этаптары, тастыкталышы берилген.

Диссертациянын биринчи бабы **«Педагогика кесибиндеги адистиктердин студенттеринин кесипке ылайык укук маданиятын калыптандыруунун теориялык маселелери»** деп аталып, анда болочок мугалим үчүн укук билимин жана маданиятын, укуктук жактан билим берүүнүн тажрыйбаларын калыптандыруунун теориялык жана практикалык абалы талданган, илимий проблема негизделген.

Бул бапта кесипке багытталган атайын укуктук билим даярдыгын түптөө процессине ылайык «Укук таануу» курсун окутуунун теориялык маселелери каралган. Анда болочоктогу педагог үчүн укуктук билим берүүнүн педагогикалык негиздерин түзүүгө карата изилдөөлөр берилген. Бул теорияга ылайык, болочоктогу мугалим үчүн кесипке багытталган укуктук-мыйзамдык билим берүүнүн «үчилтик - бир бүтүн» метосистемасы ылайыктуу деп кабыл алынган. Андагы дидактикалык теорияга таянып болочоктогу педагогго зарыл болгон укук маданиятын калыптандыруу максатына ылайыкталып окутула турган «Укук таануу» курсунун мазмунун аныктоого коюлуучу талаптар түзүлүп, анын «үчилтик - бир бүтүн» методикалык система менен биримдигинин теориялык негиздери иштелип чыккан.

Илимий булактарга жана жүргүзгөн изилдөөлөрүбүздүн натыйжаларына таянып кесипке багытталган укуктук билим берүү деп төмөндөгүлөрдү түшүнөбүз:

- болочок педагог кесибиндеги адистиктер үчүн буга чейин алган укуктук - инсандык - коомдук билимдердин жыйынтыктоочу жана анын акыркы этабы болгон «Укуктук билим берүү» курсунун жалпы негиздерин өздөштүрүү;
- предметтик мугалимдерди даярдоо процессинде алардын келечектеги өзүнүн предмети боюнча билим берүү менен катар (анын биринчи милдети), окуучуларды тарбиялоо процессине укуктук билим-тажрыйбаларды дагы пайдалана билүү муктаждыгын камсыздоо үчүн ага ылайыкталып түзүлгөн атайын программа аркылуу окутууну уюштуруу;
- болочок педагогдордун өзүнүн практикалык, кесиптик жана чыгармачылык чөйрөсүндө пайдаланууга зарыл жана жетишерлик деңгээлдеги укуктук билим-тажрыйбасын, б.а. укуктук билим маданиятынын практикалык негизин түптөө.

Бул учурда студенттердин аудиториядан тышкары өз алдынча таанып-билүү иштерин жаңыча формада уюштуруу маселесинин негизделиши маанилүү орунду ээлегенин белгилөөгө болот.

Азыркы педагогика илими мугалимдин мыйзамдуу укук-милдеттери, билим берүү боюнча коюлуп жаткан соңку талаптар, окутуунун стандарттары, концепциялары жана окуу программалары ар тараптан изилденип жаңы доорго ылайыктанууда. Бул олуттуу маселени чечүү Кыргыз Республикасында элге билим берүүнү өнүктүрүүнүн стратегиялык максатына жараша, ага таянуу менен аныкталып келет. Аталган максат билим берүүнүн улуттук моделин калыптандыруу (И.Бекбоев) экендиги белгилүү. Улуттук моделди калыптандыруу процессинде "Кыргыз элинин, көп улуттуу Кыргызстан элдеринин тарыхын, маданиятын, каада-салттарын өздөштүрүүгө керектүү шарттарды түзүү менен бирге коомго милдеттүүлүгүн жана өз укугун сезүүсү тыгыз байланышта түзүлүшү керектиги аныкталууда. Ушундан улам билим берүүнүн улуттук моделин түзүүдө, аны ишке ашырууда укуктук билимдин жана укуктук маданиятты калыптандыруу маселесине көңүл буруу зарылдыгы айкын көрүнөт. Мындай зор ишти аркалоодо жалпы педагогдорго, анын ичинде, мектеп мугалимине, бул кесипке даярдалуучу адистерге жана алардын укук боюнча билимине өзгөчө маани берилип, көп милдеттер жүктөлөт, алда канча татаал талаптар коюлат.

Кыргыз педагогикасында мына ушундай багытта алгылыктуу иш алып бара жаткан окумуштуулар И.Б.Бекбоевдин, Н.А.Асипованын, А.Мамытовдун, К.Д.Добаевдин, Т.М.Сияевдин, Р.А.Абдыраимованын, Х.Ф.Анаркуловдун, А.А.Алимбековдун, А.А.Аттокуровдун, М.Р.Балтабаевдин, Ж.Бешимовдун, А.Э.Измайловдун, Н.И.Имаеванын, А.А.Исаевдин, А.Т.Калдыбаеванын, А.К.Каниметовдун, Ж.Койчумановдун, Т.Ормоновдун, Дж.У.Байсаловдун, Ж.М.Орозбаевдин, Д.Б.Бабаев, М.Ж.Чоровдун, М.Р.Рахимованын, И.С.Саипбаевдин, Т.Э.Уметовдун, Ш.А.Алиевдин, Ч.М.Арабаевдын, У. Эгембердиевдин, Н.Т.Михайленконун ж.б. эмгектеринде диссертациялык иштин темасына байланыштуу маселелер түрдүү деңгээлде каралып, кыргыз билим берүүсүнүн көйгөйлүү маселелерине аналитикалык талдоолор жүргүзүлгөн жана өспүрүмдөрдү тарбиялоодо элдик педагогиканын, укуктук маданияттын прогрессивдүү идеялары чагылдырылган.

Ошондой эле балдарды мектепке укуктук жактан даярдоо маселелери В.В.Антонов, С.В. Болошенка, Е.Г.Каширцева, Т.В.Коршунова, А.Ф.Никитин, Я.В.Соколов, В.П. Пономарева, В.Н. Цыганаш З.К.Шнекендорф Е.В. Шиврина ж.б. изилдөөлөрүндө каралат. Аталган окумуштуулардын эмгектеринде бүгүнкү күндүн мугалиминин астында окуучуну эркиндигин жана укугун так билүү менен мамиле кылып, аларды укуктук жана моралдык нормаларга таянып мыйзам чегинде иш кылууга, башкалардын укугун сыйлоого тарбиялоо милдети тургандыгы ар тараптан ачылып көрсөтүлүп берилген.

Кыргыз Республикасынын «Мектепте тарбия берүү концепциясында» жаш муундарга укук боюнча билим жана тарбия берүү бүгүнкү күн тартибиндеги кечиктирилгис маселе экендиги белгиленген. Тарбиянын эң башкы маселеси катарында укуктук маданияттын коомго зарылдыгы жана аны өнүктүрүү багытынын маанилүү шарты көрсөтүлгөн.

Укуктук маданиятка тарбиялоо иши коомдун азыркы этабында олуттуу маселе катары каралууда, замандын өзгөрүшүнө жараша анын мазмунунун

жаңыланып турушун буга чейинки жана азыркы кездеги илимий эмгектердеги жыйынтыктар далилдеп турат.

Болочок мектеп мугалиминин балдарга натыйжалуу укуктук билим берүүсү жана балдардын укуктук маданиятын көтөрүп калыптандырууну жолго коюусу жогорку окуу жайда укуктук жактан билим берүү маселеси менен тыгыз байланышкан жана бул маселени чечүүдө төмөнкү талаптарды ишке ашыруу талап кылынат:

– студенттерге ар тараптуу укуктук билим берүү;

– алардын укуктук билим алуусун жана профессионалдык-укуктук ишмердүүлүгүн калыптандыруу;

– болочок мектеп мугалимдеринин окуучуларга жалпы билим берүүчү предметтерди өтүүдө жана укуктук тарбия боюнча класстан тышкары иштерди аткарууда окуучуларга укуктук билимди калыптандыруусу;

– болочок мектеп мугалиминин өз алдынча укуктук билим алууга умтулуу сапаттарын калыптандыруу ж.б.

Иште болочок мектеп мугалимдеринин укуктук маалыматты алгандыгынын деңгээлинин өлчөмү катары тактык, ыкчамдуулук, укуктук билимди жаңы шарттарда пайдалануу, алган укуктук маалыматтарды андан ары улантып кетүү жана аларды практикада натыйжалуу пайдалануу ж.б. каралат. Профессионалдык-укуктук ишмердүүлүгүнүн калыптандыруу процессинин көрсөткүчү катары аткара турган иштердин тактыгы, көлөмү, укуктук тапшырмаларды аткаруудагы өз алдынчалык, ийкемдүүлүк, теориялык билимди практикада пайдалана билүү ж.б. болуп эсептелет. Болочок мугалимдердин инсандык-укуктук сапаттарынын калыптанышынын атайын критерийлери аныкталды.Иште каралган талаптардын жана критерийлердин натыйжасында болочок мугалимдин укуктук тарбия жана билим берүүгө даярдыгын баалап билүүгө болот.

Болочок мугалимдин укуктук тарбия жана билим берүүгө даярдоо процессинде “Укук таануу” курсунун мааниси зор. Бул курсту окутуу процессинде анын мазмунун жана окутуу технологиясын жаңылоонун факторлорун таанып-билүү, аны окуу процессинде ишке ашырууда гумандуулук, акыл эстүүлүк менен кабыл алуу б.а. бүгүнкү коомдун талаптарына ылайык жаңыланган кесипке багыттуу мазмунду окуу процессине киргизүү менен профессионалдык кесипке даярдоо сапатын жогорулатуу максаты ишке ашырылууга тийиш.

Экинчи бап **«Болочок мугалим кесибиндеги студенттердин укук маданиятын калыптандыруунун практикалык маселелери»** деп аталып, анда «Укук таануу» курсун студенттердин болочок кесибине максаттуу багытта окутууга ылайыкталып түзүлгөн типтүү программанын структурасы жана анын мазмуну иликтенип ишке ашыруу маселелери, анын методикалык негиздери жана окутуу технологиясы каралган. Окуу планына ылайык атайын түзүлгөн программанын негизинде «Укук таануу» курсун окутуунун алкагында болочок мугалим кесибинде окуп жатышкан студенттердин укук маданиятын калыптандыруу боюнча аткарылуучу аудиториялык жана аудиториядан сырткары иш-чаралардын жаңыча формалары иштелип

чыккан. Изилденип жаткан темага ылайык педагогикалык практикада топтолгон тажрыйбаларга жүргүзгөн изилдөөлөрүбүзгө таянып алгылыктуу иш-чаралар катары төмөндөгүлөрдү белгиледик.

- *студенттер педагогикалык практика учурунда ошол мектептин мугалимдерине «Укук таануу» боюнча анкетирлөө-мониторинг жүргүзүү менен алардын укуктук-мыйзамдык алкактагы билим-тажрыйбасын аныктоо;*
- *окуу процессинде студенттерге «Үй-бүлө укугу», «Дүйнөлүк балдар укугу конвенциясы», «Кыргызстандагы балдар укугу, анын сакталышы», «Педагогдордун укугу», «Эмгек укугу» ж.б. темалар боюнча курстук иштер, рефераттарды жаздыруу;*
- *студенттерди ар кандай жагдайларга ылайык укуктук-соттук процесстер, иликтөөлөр, адвокаттык иштер менен тааныштыруу, студенттерди балдар укугуна, үй-бүлө, ата-энелер укугуна байланыштуу жүрүп жаткан сот процесстерине катыштыруу жана алар боюнча сабактан сырткары убактарда тегерек стол, семинар, жолугушууларды уюштуруу.*

Бул бапта изилдөөнүн илимий божомолун негиздөөгө карата жүргүзүлүүчү *педагогикалык экспериментти өткөрүү маселелери* жана анын жыйынтыктары талданган.

**Экспериментти жүргүзүүнүн максаты** болочок педагог кесибиндеги окуп жатышкан студенттерге «Укук таануу» курсун окутууга карата түзүлгөн методикалык системаны жана андагы колдонулган *«үчилтик - бир бүтүн»* технологиясынын эффективдүүлүгүнүн баалоо менен анын сандык көрсөткүч-төрүн өз ара салыштыруу, талдоо жана жыйынтык чыгаруу болуп эсептелген.

**Эксперименталдык иштерди жүргүзүүнүн негизги этабы 2006/2007, 2007/2008** жана **2008/2009** - окуу жылдарында өткөрүлдү.

Изилдөөнүн биринчи этабында студенттердин укуктук билимдери, маданияты атайын түзүлгөн анкеталар, аңгемелешүү, тестирлөө методдору аркылуу текшерилди.

Студенттердин көпчүлүгүнүн укуктук билим деңгээли жана маданияты төмөн, алар эмгек укугу, адам укугунун негиздери, граждандык укуктун негиздери, конституциялык укуктун негиздери жана башка укуктар боюнча жеткиликтүү маалыматка ээ эмес.


Констатациялоочу экспериментке катышкан 365 студенттердин 18% гана толук туура жооп жаза алса, 27% үстүртөн жооп жазышкан, калгандары туура эмес жоопторду беришкен.

Алынган натыйжалар калыптандыруучу эксперименттин максатын, мазмунун аныктоого негиз болду.

Педагогикалык эксперимент кайталануучу мүнөздө өткөрүлдү. Себеби «Укук таануу» курсу педагогика багытындагы адистиктердин студенттери үчүн экинчи курста бир окуу жылында окутула турган жалпы билим берүү блогунун курамына киргизилген. Бул экспериментти жүргүзүү учурунда И.Арабаев атындагы КМУдагы педагогика багытындагы кесиптерде (*баштагыч билим берүү педагогикасы, химия, биология, география, тарых,*

*кыргыз(орус) тили жана адабияты адистигинде*) окуп жатышкан студенттерге «Укук таануу» курсун окутуу боюнча атайын окуу программасы түзүлүп, окуу-методикалык куралдары иштелип чыкты.

1-СХЕМА




## "Укук таануу" курсу боюнча билим берүүнүн мазмунун аныктоочу факторлор

Бул материалдар педагогикалык эксперименттин жүрүшүндө толук апробациядан өткөрүлдү. Ошондой эле, окуу процессинде колдонулуп жаткан *«үчилтик - бир бүтүн»* окутуу технологиясынын ишке ашырылышына карата эксперименттен алынган сандык мүнөздөмөлөр аныкталды жана бул процесс үч окуу жылында кайталанып турду. Экспериментке катышкан студенттердин сандык көрсөткүчтөрү төмөнкү таблицада берилген:

1 таблица

| ***Окуу жылдары*** | ***Эксперименттеги топтогу студ. саны*** | ***Текшерүү топтогу студ. саны.*** | ***Баардыгы*** |
|---|---|---|---|
| 2006-2007 | 43 (2) | 185 (8) | 228 (10) |
| 2007-2008 | 46 (2) | 178 (8) | 224(10) |
| 2008-2009 | 39 (2) | 181 (9) | 220 (11) |

Педагогикалык эксперименттин жүрүшүндө «Укук таануу» курсун окутууда колдонулган методикалык системанын теориялык негиздери болгон

*«үчилтик - бир бүтүн»* маселесине карата төмөнкү параметрлер иликтенди, алар:

Лекция учурунда студенттерге «Укук таануу» курсун толук өздөштүрүү үчүн зарыл болгон мурдагы мектеп программасы боюнча коом таануу, тарых ж.б. предметтерде өтүлгөн айрым материалдарды берүү аркылуу эске тутуусунун сандык (пайыздык) көрсөткүчтөрүн аныктоо. Бул көрсөткүчтөр курста өтүлө турган материалга ылайык лекцияларда оозеки, ал эми семинардык сабактарда карточка же тестирлөө формасында аныкталган.

Ал эми жалпы курсту өздөштүрүү боюнча б.а. укуктук билим жана тажрыйбага жетишүүгө карата сандык көрсөткүчтөрдү аныктоо, алардын негизинде статистикалык жыйынтыктарды чыгаруу модулдардын жана сынактардын жыйынтыгынан кийин аныкталды. Ар бир окуу жылында эксперименттин жыл ичиндеги жана жылдык көрсөткүчтөрүнүн жыйынтыгы чыгарылып, ар бир студенттин, салыштырма эксперименттик топтордун «сапаттык көрсөткүчтөрү» болгон орточо баасы-математикалык бүтүмү (баллдан которулган), дисперсиясы же орточо квадраттык чектөөсү аныкталды. Бул көрсөткүчтөрдүн диаграммалары түзүлдү.

*2006-2007 - окуу жылы*

2 таблица

| ***Топтор*** | 35 - 55 балл «2» (%) | 56 - 69 балл «3» (%) | 71 - 85 балл «4» (%) | 86 - 100 балл «5» (%) |
|---|---|---|---|---|
| ***Салыштыруучу*** | 13 | 39 | 21 | 27 |
| ***Эксперименталдык*** | 7 | 33 | 28 | 32 |

*Билим сапаты - орточо баллы:*

3 таблица

| | |
|---|---|
| Салыштыруучу топ | 87% |
| Эксперименталдык топ | 93% |

*2007-2008 - окуу жылы*

4 таблица

| ***Топтор*** | 35 - 55 балл «2» (%) | 56 - 69 балл «3» (%) | 71 - 85 балл «4» (%) | 86 - 100 балл «5» (%) |
|---|---|---|---|---|
| ***Салыштыруучу*** | 14 | 43 | 21 | 22 |
| ***Эксперименталдык*** | 6 | 31 | 36 | 27 |

*Билим сапаты - орточо баллы:*

5 таблица

| | |
|---|---|
| Салыштыруучу топ | 86% |
| Эксперименталдык топ | 94% |

*2008-2009 - окуу жылы*

6 таблица


| ***Топтор*** | 35 -55 балл «2» (%) | 56 - 69 балл «3» (%) | 71 - 85 балл «4» (%) | 86 - 100 балл «5» (%) |
|---|---|---|---|---|
| ***Салыштыруучу*** | 12 | 40 | 21 | 27 |
| ***Эксперименталдык*** | 5 | 28 | 43 | 24 |


*Билим сапаты - орточо баллы*:


7 Таблица

| | |
|---|---|
| Салыштыруучу топ | 87% |
| Эксперименталдык топ | 95% |

ДИАГРАММАЛАР






Жогорудагы таблицада көрсөтүлгөн педагогикалык эксперименттин жыйынтыгы укуктук билим жана маданиятты калыптандырууга багытталган максаттуу окуу тарбия иши жакшы натыйжа бере тургандыгын көрсөттү. Изилдөөнүн жүрүшүндө эксперименталдык топтогу студенттер бир кыйла терең укуктук билим деңгээли байкоочу топтогу студенттердикине караганда бир кыйла жогору экендигин көрсөттү.

Жогорудагы тажрыйбалык ишке кошумча кылып чыгармачылык изденүү басымдуулук кылган, атайын тапшырмалары бар эки этаптан жана изилдөө методдорунан турган тажрыйба-эксперименталдык программа сунуш кылынды. Мындай тажрыйба-эксперименталдык иш 2005-2009 жылдары И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин тарых факультетинде жана Мамлекеттик маданият институтунда жүргүзүлдү. Тажрыйба-эксперименталдык иштин констатациялоочу жана иликтөөчү этаптарынын жүрүшүндө фактордук эксперименттин методикасы аныкталып, талданды.

Болочок мугалимдердин укук таануу ишмердүүлүгүн жогорулатуу, укуктук жактан даярдоо процессин тездетүү жана аны практикалык жактан бекемдөө максатында тажрыйба-эксперименталдык иштин жүрүшүндө активдүщ окутуу методдору (имитациялык оюндар, проблемалуу пикир алмашуулар жана лекциялар, укуктук кырдаалдарды моделдештирүү, дискуссиялуу лекциялар ж.б.) пайдаланылды. Атайын планга ылайык тажрыйба иштерин жүргүзүү И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинде тарых факультетинин окуу планынын негизинде жүргүзүлдү. Бул эксперименттин программасы бири-бири менен байланышкан төртүнчү этапты ишке ашырууну талап кылды. Ар бир этапка тиешелүү убакыт бөлүнүп, тапшырмалар, иштин мазмунун аныктоочу жол-жобо иштелип чыкты. Укуктук билимди текшерүү методдордун комплексин (тестирлөө, анкеталарды пайдалануу, студенттердин укуктук предметтерден алган билиминин жыйынтыгын: укуктук предметтер боюнча зачет, экзамендерди, өз алдынча иштерди, практикалык тапшырмалар, курстук жана дипломдук иштерди анализдөө пайдалануу аркылуу жүргүзүлдү. Студенттердин профессионалдык-укуктук ишмердүүлүгүн окутуп үйрөтүүчү, машыктыруучу, багыттоочу функцияларды аткарган тапшырмалардын системасы аркылуу ишке ашырылды. Студенттердин укуктук-өздүк сапаттарынын калыптанышынын деңгээлин аныктоо өзүн-өзү баалоо, коллизия методун пайдалануу боюнча жүргүзүлдү.

8 Таблица

**Тарых факультетинин студенттеринин укуктук билим алуусунун жана профессионалдык-укуктук ишмердүүлүгүнүн калыптануусунун деңгээлин текшерүүнүн жыйынтыктары (атайын балл менен)**

| Текшерүүнүн багыты | Топтор тууралуу маалымат | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | A | B | C | D | E |
| Укуктук билимди өздөштүрүүнүн деңгээли: | | | | | |
| жогору | 14,7 | 23,1 | 37,7 | 32,4 | 47,5 |
| орто | 27,8 | 28,3 | 31,5 | 34,1 | 52,7 |
| төмөн | 5,7 | 3,8 | 0,5 | 2,2 | — |
| Текшерүүнүн багыты | Топтор тууралуу маалымат | | | | |
| | A | B | C | D | E |
| Профессионалдык-укуктук ишмердүүлүгүнүн калыптануусунун деңгээли | | | | | |
| жогору | 6,9 | 7,8 | 10,2 | 19,6 | 42,3 |
| орто | 24,5 | 21,1 | 33,8 | 36,1 | 56,9 |
| төмөн | 8,4 | 2,3 | 2,2 | 1,4 | 0,1 |

А тобу - текшерүүчү топ. Анда окутуу эксперименттин бардык этаптарында салттуу схема менен жүрдү;

В, С, D топтору - эксперименталдык топтор. Буларда окутуунун белгилүү этабында керектүү фактор киргизилди;

Е тобу - эксперименталдык топ. Буга бардык факторлор киргизилди.

Жыйынтыктоочу этаптагы өзүн-өзү талдоонун көрсөткүчтөрүндө Е тобунун студенттеринин укуктук жактан өз алдынча билим алуунун керектигин түшүнүүсү тереңдеп баратканы байкалат (82,2 %) (текшерүүчү А тобунда - 44,6 % респонденттер); юридикалык сабаттуулук 82,7 % артты (текшерүүчү А тобунда - 52,7 %). Эксперименттик окутуулардын соңунда мектеп окуучуларына укуктук жактан билим-тарбия иштеринин зарылдыгын белгилеген Е группасынын студенттеринин саны 80,4 % ти түздү. Бул көрсөткүч текшерүүчү А тобуна - 47,9 % салыштырганда эки эсе көп болду. Укуктук маалыматтардын агымында баам жүргүзө ала турган студенттердин саны эксперименталдык Е тобунда 20,4 % тен 74,4 % ке чейин көбөйдү, ал эми текшерүүчү А тобунда - 19,6 % тен 38,9 % ке чейин гана өстү. Эксперименталдык топтун студенттери ар кандай конфликтик окуялар ж.б. болуп калса, аларды укуктук жол менен чечүүгө басым жасаганы менен айырмаланышты.

Диссертацияда студенттердин укуктук билим алуусунун жана профессионалдык-укуктук ишмердүүлүгүнүн калыптануусунун динамикасын текшерүүчү А тобундагы жана эксперименталдык Е тобундагы текшерүүнүн жыйынтыктары аркылуу төмөндө көрүүгө болот.

Тажрыйба-эксперименталдык иштин жыйынтыгында Мамлекеттик жана маданият институтунда студенттер менен изилдөө иштерин жүргүзүүнүн натыйжалуулугун көрсөткөн жыйынтык алынды.

9 таблица

**Мамлекеттик тил жана маданият институтунун студенттеринин укуктук билим алуусунун жана профессионалдык-укуктук ишмердүүлүгүнүн калыптануусунун динамикасы**

| Укуктук билим алуусунун жана профессионалдык-укуктук ишмердүүлүгүнүн калыптануусунун деңгээли (%) | | Билим | Ишмердүүлүгү | |
|---|---|---|---|---|
| | Текшерүүчү топ | Эксперименталдык топ | Текшерүүчү топ | Эксперименталдык топ |
| Экспериментке чейин | | | | |
| Жогору | 21,2 | 20,8 31,9 47,3 | 9,8 | 9,5 |
| орто | 32,7 | | 45,7 | 46,4 |
| төмөн | 46,1 | | 44,5 | 44,1 |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| Кийинки № 1 | 28,3 | 33,9 43,2 22,9 | 15,1 | 19,8 |
| Жогору | 37,2 | | 48,2 | 51,3 |
| орто | 34,5 | | 36,7 | 28,9 |
| төмөн | | | | |
| Кийинки № 2 | 32,1 | 51,6 48,4 | 20,7 51,4 27,9 | 31,8 |
| Жогору | 40,4 | 0 | | 60,1 |
| орто | 27,5 | | | 8,1 |
| төмөн | | | | |
| Жыйынтыктоочу | 35,8 | 70,9 | 24,3 | 34,6 65,4 0 |
| Жогору | 46,1 | 29,1 | 55,8 19,9 | |
| орто | 18,1 | 0 | | |
| төмөн | | | | |

Тажрыйба-эксперименталдык иштин жыйынтыгында эксперименталдык топтун студенттери укуктук сапаттары тууралуу көбүрөөк маалыматка ээ экендиги белгилүү болду.

Текшерүүчү топтогу жана эксперименталдык топтогу текшерүүнүн жыйынтыктарында эксперименталдык топ 26,7 % айырмачылык менен алдыга чыкты. Эксперименталдык топто өздүк укуктук сапаттардын динамикалык өсүшү 73,5 % түздү, ал эми текшерүүчү топто мындай көрсөткүч 54,9 %. Эксперименталдык топтун студенттери биринчи орунга моралдык тарбияны коюу менен бирге эле укуктук тарбия берүү да мектептеги тарбиялоо процесстеринде башкы орунга коюлууга тийиш деп белгилешти.

Ар кандай конфликтик окуялар ж.б.у.с. жагдайларда эксперименталдык топтун студенттеринин 87,9% мыйзамга таянып иш кылууну көздөшсө, текшерүүчү топтун студенттеринин 58,1% ушул максатта иш жүргүзүүнү туура деп эсептешет.

Эксперименттин жүрүшүндө алынган натыйжаларды жалпыласак, анда тажрыйба-эксперименталдык ишке катышкан студенттердин көпчүлүгү мыйзамга таянып иш кылууну көздөшөт (эксперименталдык топтун студенттери 76,8%, текшерүүчү топтун студенттери 53,7%); мыйзамды кандайдыр себептер менен пайдаланбай койсо болот деп эсептеген саны эксперименталдык топто

21,1%, текшерүүчү топто 37,1%; мыйзамды бузуп болсо да иш кылууга мүмкүн деп эсептегендердин саны эксперименталдык топто 2,1%, текшерүүчү топто 9,2%. Ошентип, эксперименталдык топтун студенттеринин басымдуу көпчүлүгү ар кандай конфликтик окуялар ж.б. болуп калса, аларды укуктук жол менен чечүүгө басым жасаганы менен айырмаланышып турат.

Жогорудагы тажрыйба-эксперименталдык иштин жыйынтыгын анализдөө студенттерди укуктук жактан даярдоодогу таасири бар шарттарды бөлүп көрсөтүүгө мүмкүндүк берди.

## Жалпы корутунду

Жүргүзүлгөн изилдөөлөрдүн жыйынтыгын төмөнкү корутундулар менен белгилөөгө болот:

- болочоктогу мугалимдерге «Укук таануу» курсу боюнча билим берүүнү жаңы багытта жана жаңы технологияны колдонуу менен окутуунун зарылчылыгы негизделди;
- педагогдук багыттагы адистиктерди акыркы жылдары бүтүрүп кетишкен жана азыр мектептерде мугалимдик кесипте иштеп жатышкандарды укуктук маселелер боюнча мониторинг жасоо менен алардын бул жагдайдагы билим-тажрыйбасы (деңгээли) аныкталып, андагы проблемалар белгиленди;
- болочок педагог үчүн «Укук таануу» курсунун атайын иштелип чыккан типтүү программасы түзүлдү жана ал акыркы үч окуу жылында апробациядан өткөрүлдү;
- жаңы муундагы программага ылайык «Укук таануу» курсу боюнча окуу-методикалык комплекси иштелип чыкты (лекциялык курстун электрондук варианты, өз алдынча иштерди аткаруу боюнча методикалык көрсөтмөлөр, педпрактикада тарбия иштеринде окуучуларга, ата-энелерге укуктук маселелер боюнча консультациялык көрсөтмөлөр ж.б.);
- аудиториядан сырткары иштер боюнча иш-чаралардын план-проспектиси жана жумушчу программасы түзүлүп, ал студенттердин практикалык китепчесине кошумча материал катары тиркелди;
- педагогикалык экспериментти жүргүзүү менен коюлган илимий божомол тууралыгы тастыкталды;
- диссертацияда коюлган жумушчу гипотезанын тастыкталышын жана милдеттердин аткарылышын текшерүү максатында педагогикалык эксперимент жүргүзүлдү жана анын жыйынтыктары статистикалык эсептөөлөрдөн өткөрүлдү. Анын жыйынтыктары оң натыйжа бергендиги экспериментте алынган сандык көрсөткүчтөрдө жана диаграммаларда белгиленди;
- «Укук таануу» курсу боюнча окутуунун жаңы иштелип чыккан бул технологиясын башка окуу жайларында колдонууга карата сунуштар берилди.

**Диссертациянын негизги идеялары изд енүүчүнүн төмөндөгү эмгектеринде чагылдырылган:**

1. Мамлекеттин соттук, мыйзамды колдонуу жана укук коргоо институттарын өркүндөтүү. Межвузовская научно-практическая конференция посвященная 50-летию КГПУ им. И. Арабаева // Сборник научных трудов преподавателей и аспирантов. «Комплексные основы развития Кыргызстана до 2010 года». – Бишкек, 2002. – С.102-107.

2. Правоведение: Учебно-методическое пособие для студентов высших учебных заведений. – Бишкек, 2004. – 34 с. (в соавторстве с К. Утуровым).

3. Коомдук илимдердин негиздерин окутууда интеративдик жана сын ой ыкмаларынын элементтерин колдонуу // Вестник КГУ им. И. Арабаева. – Серия: Педагогические науки. – Бишкек, 2004. – № 4. – С. 166-169.

4. Методология внедрения инновационных технологий обучения в преподавании общественных дисциплин // Вестник КГУ им. И. Арабаева. – Серия: Педагогические науки. – Бишкек, 2005. – № 5. – С. 180-182 (в соавторстве с К. Утуровым).

5. Болочок мугалим кесибиндеги студенттер үчүн укук маданиятын калыптандыруунун зарылчылыгы. // Материалы конференции «Суверенному Кыргызстану - 17лет: проблемы и перспективы развития образования»/ ИСИТО. – Бишкек, 2008. – С. 71-74.

6. Укук таануу илиминде «Адам укугу» проблемасы жана анын педагогикалык негиздери // Вестник М.Кашгари-Барскани атындагы чыгыш университети, Бишкек, 2008. – №1(9) – С. 124-127. (в соавторстве с Ш. Алиевым).

7. Основные векторы демократизации управления образованием // Вестник КГУ им. И. Арабаева. – Бишкек, 2008. – №2 – С.23-25. (в соавторстве с Ж. Каниметовым).

8. Становление культуры личности и формирование правовой культуры учащихся // Вестник, КГУ имени И. Арабаева. – Серия: Педагогические науки. – Бишкек, 2009. – № 1(2) – С.158-161.

9. Мугалимдерди максаттуу даярдоо билим берүү стратегиясында негизги маселе // Вестник ИСИТО – Бишкек, 2009. – № 3(12) – С. 21-23.

10. Лекция по курсу «Правоведение» для студентов педагогических специальностей: Учебное пособие. – Бишкек, 2009. – 76 б.

11. Правовое воспитание и формы управления системой образования Кыргызской Республики. // Вестник Казахского государственного женского педагогического университета. – Серия: Педагогические науки. – Алматы, 2010. – № 4 (5) – С.122-125.

12. Образовательные учреждения Кыргызской Республики в контексте формирования правового сознания // Вестник КГУ им. И. Арабаева. –. Серия: Педагогические науки. – Бишкек, 2010. – №3 – С.184-186.

13. Болочок мугалимдерге укутук багыт боюнча даярдоо проблемалары жана укуктук компетенттүүлүк. // Вестник КазГУ им. аль-Фараби. – Серия: Педагогические науки. – Алматы, 2010. – № 1/1(29). – С.138-140.

14. Правовое образование как основа профилактики правонарушений и преступлений учащихся общеобразовательных школ // Вестник КГУ им. И. Арабаева. – Серия: Педагогические науки.– Бишкек, 2010. – №3 – С.186-188.

Сейдакматов Муратбек Джумакановичтин 13.00.01 - жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы адистиги боюнча «Болочок мугалим кесибиндеги студенттерге укук маданиятын калыптандыруунун педагогикалык негиздери» деген темадагы педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясына

## РЕЗЮМЕ

**Түйүндүү сөздөр:** билим берүү, укуктук тарбия, укуктук билим, моделдик билим берүү, нормативдик укуктук базалар, укуктук мейкиндик, билим алуу укугун сактоо, билим берүү стандарты, билим берүү уюмдары.

**Изилдөөнүн объектиси:** жогорку окуу жайында укуктук маданиятты жана укуктук билимди калыптандыруу.

**Изилдөөнүн предмети:** болочок мугалим кесибиндеги студенттерге кесипке ылайык укуктук-мыйзамдык билимдердин негиздерин жана тажрыйбаларды калыптандыруу процесси.

**Изилдөөнүн максаты:** болочок мугалим кесибиндеги студенттер үчүн анын келечектеги кесиптик таалим-тарбиялык иштерине зарыл боло турган укуктук-мыйзамдык билим маданиятын калыптандыруунун педагогикалык негиздерин иштеп чыгуу жана аны окуу процессинде практикалык жактан ишке ашыруу.

**Изилдөөнүн методдору:** педагогикалык иш тажрыйбаларын иликтөө жана аны жалпылоо, анкета алуу жана тестирлөө, студенттердин ишмердүүлүгүн талдоо, констатациялык жана педагогикалык эксперименттер.

**Изилдөөнүн илимий жаңылыгы:** учурга ылайык болочок мугалимдер үчүн укуктук-мыйзамдык билим маданиятын калыптандыруу зарылчылыгын негиздөө, укук таануу боюнча билимдерди, тажрыйбаларды калыптандыруу принциптеринин иштелип чыгышы, системага келтирилиши.

**Изилдөөнүн практикалык баалуулугу:** изилдөөнүн илимий жыйынтыктары болочок педагогдор үчүн укук таануу курсун окутуу процессинде анын мазмунун, ролун кеңейтүүгө, байытууга, «Укук таануу» курсу боюнча окутуунун практикалык тажрыйбасын тереңдетүүгө, укуктук жактан болочок педагог-адистердин даярдыгы жана укуктук компетентүүлүгүн артырууга б.а. жогорку мектептеги окутуу технологиясын өркүндөтүүгө, ошондой эле студенттердин келечекте таалим-тарбия иштери боюнча кесиптик ишмердүүлүгүн активдештирүүгө, алардын укуктук маданиятын калыптандырууга белгилүү өлчөмдө салым кошот.

**Резюме**

на диссертационное исследование Сейдакматова Муратбека Джумакановича «Педагогические основы формирования правовой культуры студентам - будущим педагогам» представленной на соискание ученой степени кандидата педагогических наук по специальности 13.00.01 - общая педагогика.

**Ключевые слова:** образование, правовое образование, правовое знание, правовые формы обучение, базовые правовые нормы, правовые методы обучение, образовательный стандарт, образовательные учреждение, сохранение правовых учений.

**Объект исследования:** формирование правовой культуры и правового образования будущих педагогов в высших учебных заведениях.

**Предмет исследования:** процесс правовой подготовки и педагогические основы формирования правовой культуры студентов - будущих педагогов.

**Цель исследования:** состояла в разработке педагогических основ процесса подготовки будущих учителей студентов к формированию правовой культуры и правового образования школьников, а также их реализация на практике.

**Методы исследования**: ведущим методом исследования является методический анализ научной учебно-методической литературы, нормативно-правовой документации; изучение и обобщение педагогического опыта; включение педагогическое наблюдение; анкетирование, беседы; изучение продуктов деятельности обучающихся; разработка концептуальных основ системы непрерывной правовой подготовки педагогических кадров.

**Научная новизна исследования:** обобщены основные периоды культурно-исторической практики правовой подготовки будущих педагогов в отечественной школе:

Становление, развитие, унификация и возрождение разнообразия.

Определены основные дидактические компоненты системы непрерывной правовой подготовки педагогов (цели, содержание, формы, средства, технологии). Обновлено содержание правовой подготовки педагогов на этих вузовского и послевузовского обучения на основе принципов преемственности, научности, интегративности, единства цели, взаимодополняемости, вариативности, многоуровневости. Проведен отбор технологий обучения праву, программно-методического обеспечения учебных курсов в условиях профессиональной подготовки и повышения квалификации кадров.

**Практическая значимость исследования:**

в исследовании: проанализировано состояние правовой подготовки педагогов на этапах вузовского и послевузовского обучения и выевлены цели, условия реализации, функции, особенности формирования содержания, основные направления ее развития, а также причины ее не эффективности.

- разработано практикоорентированное содержание дидактических материалов, позволяющих по этапно формировать правовую компетентность педагогов и повышать мотивацию к ее самосовершенствованию, а также предоставляющих возможность преподавателю правовых дисциплин излагать учебный материал сообразно его месту в системе правовой науки.

**Dissertation Summary**
**"Pedagogical basis of legal culture formation for future teachers" by Muratbek Djumankanovich Seydakmatov for the Ph.D. of Pedagogical Science specializing in 13.00.01 - General Pedagogy.**

**Key words:** education, legal education, legal knowledge of the legal forms of learning, the basic legal rules, legal methods of training, educational standards, educational institution, the preservation of legal doctrines.

**The object of research:** professional training in higher educational establishments.

**The subject of research:** legal training process, pedagogical basis of legal culture formation for future teachers.

**The methods of research:** the principle method of research is the methodological analysis of scientific teaching and methodological publications and normative legal documenIs, studying and generalization of pedagogical experience, pedagogical observation, surveying, talking, elaborating of concept basis system of continuous legal training of future teachers.

**The scientific novelty of research:** the main periods of historical and cultural legal training practice future teachers are generalized:

Formation, development, unification and renewal of diversity.

Basic didactic components of the system of continuous legal training of future teachers (aims, content, forms, means, techniques) are determined. The content of legal training of future teachers at graduate and post-graduate levels is renewed at the basis of continuity, scientific nature, integration, purpose unity, complementarity, variety, multi-level principles. Legal training techniques, program and methodological support of curriculum for vocational training and development of vocational competence are selected.

**The practical value of research:** the research analyzes the legal training condition of teachers at the level of higher education. The aims, conditions of realization, functions, content formation peculiarities, basic directions of its development and the causes of its non-effectiveness are determined. The practical content of didactic materials, which ensure to fonp. teachers' legal competence and to increase motivation for its self-improvement are elaborated. They also make it possible for a teacher of legal subjects to expound the materials due to their place in the system of legal science, and according to general principles of cognition process.